# 2024-жылдын өндүрүштүк жыйынтыктары

***«Кумтөр Голд Компани» ЖАК (мындан ары «КГК») 2024-жылдын жыйынтыгын чыгарды. «Кумтөр» кенинде 403 558 унция өндүрүлгөн, бул 12 552 кг алтынды түзөт. 2024-жылы Кыргыз Республикасынын бюджетине салыктар, Социалдык фондуна которуулар жана кайра каралган инвестициялык макулдашууда (КИМ) каралган башка милдеттүү төлөмдөр 184 828 миң АКШ долларын (16,1 миллиард сом) түздү.***

**2024-жылдагы КГКнын ишмердүүлүгүндөгү маанилүү окуялар**

2024-жылдын 8-апрелинде өлкөнүн министрликтеринин жана ведомстволорунун өкүлдөрүнүн катышуусу менен «КГК» акцияларынын 100% «Кыргызалтын» ААКсына өткөн учурдан тартып акционерлердин экинчи жылдык жалпы чогулушу өттү, анда КГКнын 2024-жылга карата бюджети жана иш планы бекитилген жана Кыргыз Республикасынын пайдасына 151 298 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү дивиденддерди бөлүштүрүү боюнча чечим кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-мартындагы №117 токтому менен «Кумтор Голд Компани» жабык акционердик коомунун, «Кыргызалтын» ачык акционердик коомунун жана Кыргыз Республикасынын атынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ортосундагы алтынды жана күмүштү сатуу жөнүндө кайра каралган макулдашуунун жаңыртылган редакциясы бекитилди (күчүнө 2024-жылдын 19-мартында кирди).

Кумтөр кенинде жер астынан руда казып алуу боюнча долбоор ишке ашырууда. 2024-жылдын июнь айында Кыргыз Республикасынын казып алынуучу пайдалуу кендеринин запастары боюнча мамлекеттик комиссиянын №1994 отурумунун Протоколунун негизинде жер астынан казып алуу үчүн 147,45 тонна алтын запасы мамлекеттик баланска киргизилген.

Казып алынуучу пайдалуу кендеринин запастары боюнча мамлекеттик комиссиянын 2004-жылдын 23-июнундагы №97 протоколунун негизинде Тоголок кенинде геологиялык чалгындоо (кошумча чалгындоо) боюнча долбоор иштелип чыккан, ал бардык керектүү экспертизалардан өтүп, геологиялык чалгындоо жүргүзүү үчүн №2 лицензиялык келишим алынган. Тоголок кенин чалгындоо иштери аяктады, ошондой эле запастарды эсептөө жана иштетүү боюнча технико-экономикалык негиздөөнү иштеп чыгуу иштери аяктады.

Жангарт аймагындагы геологиялык чалгындоонун техникалык долбоору тиешелүү экспертизалардан өтүп, Жангарт аймагында геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүү үчүн №2 лицензиялык келишим алынды. Геологиялык чалгындоо иштери улантылып жатат.

«Кумтор» кенинде жана Балыкчыдагы Өткөөл Базада күйүүчү майды эсепке алууну автоматташтыруу долбоору ийгиликтүү ишке ашырылды. Долбоордун максаты ресурстарды - башкарууну жакшыртуу үчүн күйүүчү майдын запастарын борборлоштурулган жана так эсепке алуу менен камсыз кылуу болгон. Заманбап электрондук эсептегичтердин жана өлчөөчү приборлордун, ошондой эле адистештирилген программалык камсыздоонун киргизилиши күйүүчү майдын кыймылын так эсепке алууну жакшыртып, адам факторуна байланыштуу каталарды минималдаштырууга мүмкүндүк берди.

КГК өзүнүн материалдык-техникалык базасын бекемдөөдө. Буга чейин "Учкун" ААКдан ижарага алынган жер тилкеси бар турак жай эмес жайлар КГК тарабынан сатып алынып, учурда негизги кеңсе катары пайдаланылат. Балыкчы шаарындагы Окуу борбору КГКнын менчигине өткөрүлүп берилди, ал эми КГКнын жеке кеңсе имаратын куруу үчүн Каракол шаарында жер тилкеси сатылып алынды.

КГК башкы уюштуруучусу болуп, 10-жолу уюштурулган "MINEX Борбордук Азия-2024" Эл аралык тоо-кен жана геологиялык форумуна катышты, андан соң делегаттар "Кумтөр" кенине барышты. КГК Финляндиянын Metso компаниясы менен алтынды жоопкерчиликтүү түрдө казып алуу боюнча улуттук платформа катары компаниянын статусун өнүктүрүү максатында кызматташтык тууралуу меморандумга кол койду.

## КГКнын негизги өндүрүштүк жана финансылык жыйынтыктары

| **Млн АКШ доллары менен, эгерде башкасы көрсөтүлбөсө** | **2024** | **2023** |
|---|---|---|
| **Негизги финансылык көрсөткүчтөр:** | | |
| Киреше | 989,1 | 849,0 |
| Сатуу наркы | 411,1 | 362,8 |
| Башка операциялык чыгымдар жана кирешелер | 189,4 | 181,8 |
| Башка операциялык эмес чыгымдар жана кирешелер | (8,8) | 1,9 |
| Таза киреше | 397,4 | 302,5 |
| | | |
| **Өндүрүштүн негизги көрсөткүчтөрү:** | | |
| Тоо-кен иштеринин көлөмү (миң тонна) | 189 089 | 193 934 |
| Өндүрүлгөн товардык рудонын көлөмү (миң тонна) | 7 286 | 16 276 |
| Казылып алынган рудадагы алтындын орточо курамы (г/т) | 2,27 | 1,90 |
| Кайра иштетилген рудонын көлөмү (миң тонна) | 6 383 | 6 323 |
| Фабрикага берилүүчү рудадагы алтындын орточо курамы (г/т) | 2,68 | 2,74 |
| Алтынды ылгап алуу коэффициенти (% менен) | 73,25% | 78,56% |
| | | |
| Тоо-кен иштеринин бардык чыгымдары (тоннасына АКШ доллары менен) | 1,26 | 1,30 |
| Фабрикадагы кайра иштетүүнүн бардык чыгымдары (тоннасына АКШ доллары менен) | 16,82 | 14,27 |
| | | |
| Өндүрүлгөн алтын (унция менен) | 403 558 | 436 196 |
| Өндүрүлгөн алтын (килограмм менен) | 12 552 | 13 567 |
| Сатылган алтын (унция менен) | 402 092 | 436 508 |
| Сатылган алтын (килограмм менен) | 12 506 | 13 577 |
| Сатуунун орточо баасы (унция үчүн АКШ доллары менен ) | $ 2 460 | $ 1 945 |

**Өндүрүштүк иш-чаралар**

2024-жылы алтын өндүрүүнүн көлөмү мурда казылып алынган руданын кампа запастарын кайра иштетүүнү эсепке алганда, 403 558 унцияны же 12 552 кг алтынды түзүп, ишке ашыруу планга карата 100,3% түзгөн. 2024-жылы кампалардан фабрикага жеткирилген ар түрдүү рудалардагы алтындын курамы тоннасына орточо 2,68 граммды түздү, рудадан алтынды алуу коэффициенти 73,25% болду.
2024-жылга карата Тоо-кен иштеринин Атайын долбоорун өзгөртүү жана толуктоого ылайык, 2024-жылы «Кумтөр» кен-ишканасындагы жумуштар Борбордук, Сарытор жана Түштүк-Батыш карьерлеринде жүргүзүлгөн. 2024-жылы «Кумтөр» кен-ишканасындагы тоо-кен иштеринин көлөмү 189,1 млн тоннаны түзгөн.

**Даяр продукцияны сатуу**

«Кумтөр» кенинде өндүрүлгөн Доре куймалары «Кумтөр Голд Компани» ЖАК, «Кыргызалтын» ААК жана Кыргыз Республикасынын атынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ортосунда 2024-жылы түзүлгөн алтынды жана күмүштү сатуу боюнча кайра каралган келишимде (АКСЖКК) каралгандай, Кара-Балта шаарындагы аффинаждык ишканада андан ары кайра иштетүү үчүн «Кыргызалтын» ААК тарабынан сатып алынат. АКСЖККнын жоболоруна ылайык аффинаждалган алтын менен күмүштү Кыргыз Республикасында жана анын чегинен тышкары сатып өткөрүү укугуна «Кыргызалтын» ААК гана ээ.

2024-жылы КГК 402 092 унция (12 506 кг) алтын реализациялаган. 2024-жылы алтынды сатып өткөрүүдөн жалпы киреше 989,1 млн долларды түздү.

**Кыргыз Республикасынын бюджетине төлөмдөр жана милдеттүү чегерүүлөр**

2024-жылы Кыргыз Республикасынын бюджетине салыктар, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которуулар жана 2009-жылдагы Кайра каралган инвестициялык макулдашууда каралган башка милдеттүү төлөмдөр **184,8 млн АКШ долларын** (16,1 млрд сом) түздү.

***Кумтөрдүн 2024-жылдагы салыктар, фонддук төлөмдөр жана милдеттүү төлөмдөр түрүндөгү салымы.***

| **Салыктар, фонддорго төлөмдөр жана ж.б. милдеттүү төлөмдөрү** | **2024 ж.** | **2024 ж.** |
|---|---|---|
| | **миң АКШ долл.** | **миң сом** |
| Дүң киреше салыгы (13%)* | 114 942 | 9 991 743 |
| Минералдык-сырьелук базанын өсүшүнө жылдык суммасы | 17 550 | 1 528 647 |
| Ысык-Көл салымы (1%)* | 9 542 | 830 628 |
| Киреше салыгы | 1 147 | 100 495 |
| Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча чегерүүлөр | 26 558 | 2 319 111 |
| Салыктар жана жыйымдар (киреше салыгы, резидент эместердин кирешесине салыгы, КНС, бажы төлөмдөрү ж.б.) | 6 036 | 527 317 |
| Экологиялык төлөмдөр жана айлана-чөйрөнү коргоо агенттигинин пайдасына чегерүүлөр | 310 | 27 612 |

| | | |
|---|---|---|
| «Теңир-Тоо» Нарын облусун Өнүктүрүү Фондуна салымдар (0,6%) | 5 725 | 498 100 |
| Кыргыз Республикасынын жер үстүндөгү суу ресурстарын пайдалануу үчүн жыйым | 3 017 | 261 827 |
| **Бардыгы:** | **184 828** | **16 085 481** |

*(*) 2009-жылдын 24-апрелиндеги Кумтөр долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндөгү Макулдашууга ылайык, Ысык-Көл облусун Өнүктүрүү Фондуна дүң кирешеге салыкты жана төгүмдөрдү эсептөө үчүн база болуп көрсөтүлгөн мезгилдеги продукцияларды сатуудан иш жүзүндөгү акчалай түшүүлөр эсептелет.*

## Дивиденддер

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча 151,3 млн АКШ доллары өлчөмүндө дивиденддер төлөнгөн. 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 150,0 млн АКШ доллары өлчөмүндө дивиденддер жарыяланды.

## Комментарий

**Кыргыз Республикасында жайгашкан «Кумтөр» кени** Борбордук Азиядагы эң ири алтын кени болуп саналат, 1997-жылдын май айынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейин «Кумтөр» кенинде жалпысынан 15,1 млн унция алтын өндүрүлгөн.

---

**Кошумча маалымат алуу үчүн, ММК менен байланыш бөлүмүнө кайрылыңыздар**
**Тел: (312) 90-07-07; 90-08-08; Факс: (312) 90-07-28**

**- Билдирүүнүн аягы -**